**Молдова Республикасынын Борбордук Шайлоо Комиссиясы жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы ортосундагы өз ара түшүнүшүү Меморандуму**

Молдова Республикасынын Борбордук Шайлоо Комиссиясы жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы төмөндө “Тараптар” деп аталат,

эки мамлекеттеги адам укугу жана эркиндигине тиешелүү демократиялык принциптери жана жалпыга таанылган демократиянын стандарттартарын колдоону тастыктап,

демократиялык реформалардын негизги элементтери болгон жарандардын конституциялык укуктарын, эркиндигин камсыз кылган эркин шайлоолор жана референдумдар жана шайлоо укуктарынын нормалары аткарылышына ынанып,

шайлоолор жана референдумдар жөнүндө мыйзамдуулук тармагы менен бирге заманбап маалыматтык ситемаларды жана технологияларды колдонуу, башка маселелер боюнча дагы кызматташтыкка умтулуп,

эки мамлекет ортосундагы мамилелердин келечектеги өнүгүсүнө түрткү боло турган кызматташтыкты түшүнүп төмөнкү келишимге макулдашылды:

**1 - берене**

Ушул өз ара түшүнүшүү Меморандумунун алкагындагы кызматташтык, тең укуктуулуктун жана кызыкчылыктарды урматтоонун, ар бир Тараптын улуттук мыйзамдарын жана келишимдерин сактоонун негизинде ишке ашырылат.